**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**ЖУМГАЛ РАЙОНУ**
**КЫЗАРТ**
**БИРИКТИРИЛГЕН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН**
**КЫЗАРТСКИЙ**
**ОБЪЕДИНЕННЫЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

**Кызарт айыл аймагынын бириктирилген айылдык кенешинин**
**I-чакырылышынын II-кезексиз сессиясынын**
**Токтому №4/4**

Жаны-Арык айылы 15-сентябрь 2023-жыл

**“Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Президентинин 24.02.2022-жылдагы №54 Жарлыгына ылайык, иштелип чыккан жобону бекитүү жөнүндө.**

“Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Президентинин 24.02.2022-жылдагы №54 Жарлыгына ылайык, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, айыл аймагынын тургундары менен өткөрүлгөн жыйындардагы тургундурдын айтылган сунуш-пикирлерин эске алуу менен иштелип чыккан Жобону карап, айылдык кеңештин депутаттарынын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Кызарт бириктирилген айылдык Кеңеши, **токтом кылат:**

**1.** “Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Президентинин 24.02.2022-жылдагы №54 Жарлыгына ылайык иштелип чыккан “Куйручук Кызарт бириктирилген айыл аймагында үйлөнүү үлпөтүн, үй-бүлөлүк, маарекелик салтанаттарды, маркумду жерге коюу, маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана иш чараларды өткөрүү тартиби жөнүндө” Жобо бекитилсин (Жобо тиркелет);

**2.** Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Жусуповго тапшырылсын.

**Төрайым:** **М.Акматалиева.**

Кызарт айылдык кеңешинин
2023-жылдын
15- сентябрь "№14 токтому менен
бекитилген

**Куйручук-Кызарт айыл аймактарында үйлөнүү үлпөтүн, үй -бүлөлүк, маарекелик салтанаттарды, маркумду жерге коюу, маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана иш–чараларды өткөрүү тартиби жөнүндө**

**ЖОБО**

1. Жалпы жоболор
2. Жобонун иштеп чыгуунун, кабыл алуунун (бекитүүнүн) жана күчүнө киргүзүүнүн тартиби
3. Жобонун максаты жана милдеттери
4. Ушул Жобону ишке ашырууну контролдоо боюнча жергиликтүү комиссия
5. Үйлөнүү үлпөт, үй-бүлөлүк, маарекелик салтанаттар
6. Маркумду жерге коюу,маркумду эскерүү үрп-адаттары жана иш чаралары
7. Ушул Жобону аткаруу боюнча жеке жана юридикалык жактардын милдеттери
8. Корутунду жобо

## I. Жалпы жоболор

1.1. Ушул Жобо Куйручук-Кызарт айыл аймагында үйлөнүү үлпөтүн, үй-бүлөлүк, маарекелик салтанаттарды, маркумду жерге коюу, маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана иш чараларды өткөрүү тартибин аныктайт.

1.2. Ушул жобо Кыргыз Республикасынын төмөнкү ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыкты:

-Кыргыз Республикасынын Конституциясына;

-"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына;

**-Кыргыз Респуликасынын Президентинин 2022-жылдын 24- февралындагы №54 "Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгына;**

Куйручук-Кызарт айыл аймактарынын жергиликтүү жааматынын Уставына.

1.3. Ушул Жободо төмөнкү негизги түшүнүктөр жана терминдер пайдаланылат:

**маркумду жерге коюу иш-чаралары-** өлгөн адамдын сөөгүн коюуга байланышкан үрп-адаттардын жана аракеттердин жыйындысы (куран окутуу, 40 күндүк ,жылдык, ж.б )

## II. Жобону иштеп чыгуунун, кабыл алуунун (бекитүүнүн) жана күчүнө киргизүүнүн тартиби

2.1. Айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду жерге коюу, маркумду эскерүү үрп-адаттарынын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону (мындарн ары - жобо) иштеп чыгуу үчүн айыл өкөтүнүн башчысынын буйругу менен курамы аксакалдар, аялдар, жаштар кеңештери, агартуу тармагы, имамдар жана укук коргоо органдарынан турган жумушчу тобу түзүлөт.
2.2. Ушул типтүү жобонун негизинде жумушчу тобу тарабынан иштелип чыккан жобонун долбоору айылдык жыйындарда талкууланат, жалпыга тааныштыруу үчүн такталарга жайгаштырылат. Келип түшкөн иштиктүү сунуштар эске алынып жобонун долбооруна киргизилет. Иштелип чыккан жобо жергиликтүү кеңештин сессиясында бекитилет.
2.3. Жобону бекитүү жөнүндө жергиликтүү кеңештин токтому белгиленген тартипте веб-сайтка жарыяланат, юстиция органында мамлекеттик каттоодон өтөт.
2.4. Жобо ага кызыккан жарандарга айыл өкмөтү, жергиликтүү кеңеш тарабынан токтоосуз тааныштырылат.

## III. Жобонун максаты жана милдеттери

3.1. Ушул Жобонун максаты жарандардын социалдык кызыкчылыктарын коргоо жана жарандардын экономикалык кызыкчылыктарына жана моралдык негиздерине олуттуу зыян келтирген ашыкча чыгымга жана ысырапкерчиликке жол бербөө чараларын белгилөө болуп саналат.

3.2. Ушул Жобонун милдеттери үйлөнүү үлпөтүн, үй-бүлөлүк, маарекелик салтанаттарды, маркумду жерге коюу, маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана иш чараларды өткөрүүнүн тартипке келтирүү, ошондой эле калк арасында алардын маңызын жана маанисин туура түшүнүүнү калыптандыруу болуп саналат.

## I V. Ушул Жобону ишке ашырууну контролдоо боюнча комиссия

4.1. Ушул Жобону ишке ашыруу үчүн Куйручук-Кызарт айыл өкмөтүнүн алдында "Үйлөнүү үлпөтүн, үй-бүлөлүк, маарекелик салтанаттарды, маркумду жерге коюу, маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана иш-чараларды өткөрүү тартипке келтирүү боюнча" туруктуу комиссия түзүлөт.

4.2. Комиссия түзүмү:

1)Комиссиянын жетекчиси: Кызарт айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары

2)Комиссиянын мүчөлөрү: Куйручук-Кызарт айылдарынын аксакалдар,аялдар, жаштар кеңештеринин мүчөлөрү, агартуу тармагынан, имамдардан, укук коргоо органынан жана соц адистерден түзүлөт.

4.3. Комиссия түзүү жана анын курамы жөнүндө чечим Куйручук-Кызарт айылдык кеңеши тарабынан бекитилет. комиссиянын сандык курамы ушул Жобону ишке ашыруу боюнча аткарылуучу иш-чаралардын көлөмүн эске алуу менен Куйручук Кызарт айыл өкмөтүнүн башчысынын сунушу боюнча бекитилет.

4.4. Комиссиянын ишин уюштуруучулук формасы болуп комиссиянын отуруму саналат. Эгер отурумга комиссиянын мүчөлөрүнүн кеминде жарымы катышса, аны өткөрүүгө укуктуу деп эсептелет. комиссия мүчөлөрүнүн отурумуна катышкандардын жарымынан көбү добуш берсе, чечим кабыл алынды деп эсептелет.

4.5. Комиссия төмөнкү функцияларды аткарат:

-ушул Жобонун талаптарына ылайык үйлөнүү үлпөтүн, үй бүлөлүк, маарекелик салтанаттарды, маркумду жерге коюу, маркумду эскерүү үрп-адаттардын жана иш-чараларды өткөрүүгө контроль жүргүзөт;

-үйлөнүү үлпөтүн, маарекелик салтанаттарды, маркумду жерге коюу,маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана иш-чараларды өткөрүүнү тартипке келтирүү маселелери боюнча Куйручук-Кызарт айыл аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жарандардын натыйжалуу өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылат;

-үйлөнүү үлпөтүн, үй-бүлөлүк, маарекелик салтанаттарды, маркумду жерге коюу, маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана иш-чараларды өткөрүүгө ысырапкерчиликке жол бербөө жөнүндө калк арасында маалыматтык-түшүндүрүү иштери уюштурулат;

- үйлөнүү үлпөтүн, үй-бүлөлүк, маарекелик салтанаттарды, маркумду жерге коюу, маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана иш-чараларды өткөрүү боюнча алдыңкы тажырыйбаларды жайылтат;

-Куйручук-Кызарт айыл аймактарындагы жеке жана юридикалык жактардан ушул Жобонун аткарылышын талап кылат.

## V. Үйлөнүү үлпөт, үй-бүлөлүк, маарекелик салтанаттар

5.1. Үй бүлөлүк, маарекелик салтанаттар жана иш-чаралар 150дөн көп эмес киши чакыруу менен өткөрүлөт.

5.2. Үйлөнүү үлпөт салтанаты бир күндүн ичинде 200 кишиге чейинкиге банкет менен өткөрүлөт.

5.3. ЖААК мекемесинде никени мамлекеттик каттоо аземи 3 төн көп эмес жеңил авто унааны колдонуу менен өткөрүлөт.

5.4.Үйлөнүү үлпөтү, үй-бүлөлүк, маарекелик салтанаттар, үрп-адаттар жана иш-чаралар дем алыш күндөрү 8.00 дөн 23.00 гө чейин, ал эми иш күндөрү 18.00дөн 22.00гө чейин өткөрүлөт.

## VI. Маркумду жерге коюу, маркумду эскерүү үрп-адаттары жана иш чаралары

6.1. Маркумду жерге коюу үрп-адаттары жана иш-чаралары ("жаназа" үрп-адаты ) 1 баш бодо (ири мүйүздүү) мал же 1 баш жылкы жана 2 баш койго чейин союу менен, катышуучулардын санын чектелбестен өткөрүлөт.

6.2. Маркумду жерге коюу иш-чарасында жайылган досторконго ашыкча ысыраапкерчиликке жол бербөө максатында салаттардын түрлөрүн, кымбат баадагы таттуулардын (конфет,печенье ж.б.), жер жемиштердин түрлөрүн коюуга, ошону менен катар эле маркумду акыркы сапарга узатуу иш чарасына келгендерге жыртыш тартууга, баштыктарды жасап берүүгө тыюу салынат.

6.3. Маркумду акыркы сапарга узатуу иш чарасына келгендер тарабынан, маркумдун жаназасы өткөрүлүп жаткан үйгө баштыктарды жасап алып келүүгө жол берилбесин.

6.4 Маркумду көмүү маркумдун денесин (сөөгүн) үйгө жеткирген же адам өлгөн учурдан тартып бир, эки суткадан кечиктирбестен жүргүзүлөт.

6.5 Маркумду эскерүү үрп-адаттары, тактап айтканда 40 күн өткөндөгү куран окутууга (кыркылык) 2 кой союу менен өткөрүлөт. Ал эми жылдык өткөрүү (маркумдун ашы) 1 баш бодо мал же 1 баш жылкы союу менен 200дөн ашык эмес киши чакыруу менен өткөрүлөт.

## VII. Ушул Жобону аткаруу боюнча жеке жана юридикалык жактардын милдеттери

7.1. Жеке жана юридикалык жактар үйлөнүү үлпөтүн, үй-бүлөлүк, маарекелик салтанаттарды, маркумду жерге коюу, маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана иш-чараларды комиссияны милдеттүү түрдө кабарландыруу аркылуу ушул Жобонун талаптарын сактоо менен өткөрүүгө милдетүү.

7.2. Куйручук-Кызарт айыл аймактарындагы кафе жана ресторандардын администрациялары пландалган салтанаттар, маркумду жерге коюу жана маркумду эскерүү куран окутуу иш-чаралары туралуу комиссияны жана ички иштер органынын кызматкерлерине (аймактык тескөөчү) иш-чарага чейин бир күн кечиктирбестен жазуу жүзүндө кабарландырууга милдетүү.

7.3. Жеке жана юридикалык жактар ушул Жобонун талаптарын сактабагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жоопкерчиликке тартылат.

## VIII. Корутунду жобо

8.1. Ушул Жобого толуктоолор жана өзгөрүүлөр Куйручук-Кызарт айылдык кеңеши тарабынан киргизилет.